http://www.dissercat.com/ content/problemy-i-perspektivy-etnopoliticheskoikonsolidatsii-v-kyrgyzskoi-respublike

2. Кыргыз Республикасынын Президентинин 2024-жылдын 18-декабрындагы ПЖ № 369 Жарлыгы.

3. Кыргыз совет энциклопедиясы, Фрунзе-1997-ж.

4. https://kutbilim.kg/analytics/inner/uluttuk-u-guzhol-kyrgyz-demi-zhana-kyrgyz-dymagy/

5. Нурманов А. Нация, национальная идея и Конституция для Киргизии / А. Нурманов. URL: http://

УДК: 371.3:811.512.154 **DOI: https://doi.org/10.56122/..v1i1.568**

ЧЫҢГЫЗ АЙТМАТОВДУН ЧЫГАРМАЧЫЛЫГЫНДАГЫ БААЛУУЛУКТАР ЖАНА ДҮЙНӨЛҮК АДАБИЯТКА ТИЙГИЗГЕН ТААСИРИ

Кожобекова Гүлбүбү Сагынбековна *- Кыргыз Республикасынын Улуттук Илимдер Академиясынын Адабият институтунун илимий кызматкери, Бишкек ш., Кыргызстан*
E-mail: **kojobekovagulbu@gmail.com**
Мырзанаева Медина Кененбаевна *- Ж.Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин эл аралык мамилелер жана чыгыш таануу факультетинин ага окутуучусу, Бишкек ш., Кыргызстан*
E-mail: myrzanaevamedina@gmail.com, *SPIN-код: 8895-3829, orcid.org/0009-0001-7732-2222*
Сулайманова Гүлмира Абдылаевна *- Ош МУнун окутуучусу,* Gulmira.sulaimanova1981@gmail.com

ЦЕННОСТИ В ТВОРЧЕСТВЕ ЧИНГИЗА АЙТМАТОВА И ИХ ВЛИЯНИЕ НА МИРОВУЮ ЛИТЕРАТУРУ

Кожобекова Гүлбүбү Сагынбековна *- научный сотрудник Института литературы Национальной академии наук Кыргызской Республики, г. Бишкек., Кыргызстан, e-mail:* kojobekovagulbu@gmail.com, *SPIN-код: 9471-2314, orcid.org/0009-0009-0062-6226*
Мырзанаева Медина Кененбаевна *- старший преподаватель факультета международных отношений и востоковедения Кыргызского национального университета им. Ж.Баласагына, г. Бишкек., e-mail: myrzanaevamedina@gmail.com,. orcid.org/0009-0001-7732-2222*
Сулейманова Гульмира Абдылаевна *- старший преподаватель ОшГУ,* Gulmira.sulaimanova1981@gmail.com

VALUES IN THE WORKS OF CHINGIZ AITMATOV AND THEIR INFLUENCE ON WORLD LITERATURE

Kozhobekova Gulbubu Sagynbekovna *- Researcher at the Institute of Literature of the National Academy of Sciences of the Kyrgyz Republic, Bishkek, Kyrgyzstan*
e-mail: kojobekovagulbu@gmail.com
Myrzanaeva Medina Kenenbaevna *- Zh. Lecturer at the Faculty of International Relations and Oriental Studies of the Kyrgyz National University named after Balasagyn, Bishkek, Kyrgyzstan*
e-mail: myrzanaevamedina@gmail.com,. orcid.org/0009-0001-7732-2222

Suleymanova Gulmira Abdylayevna

OSH State University teacher, Gulmira.sulaimanova1981@gmail.com

Аннотация.

Чыңгыз Айтматовдун чыгармачылыгы тематикалык жактан бай жана ар түрдүү. Ч.Айтматовдун идеологиясынын эң көрүнүктүүсү — анын дүйнөлүк контекстте тынчтыктын жана толеранттуулуктун маанилүүлүгүн дайыма баса белгилөөсү. Анын чыгармачылыгы тынчтыкка, толеранттуулукка жана адилеттүүлүккө чакырып, гуманисттик жана универсалдуу баалуулуктарды чагылдырат. Ал өзүнүн каармандары аркылуу жашоо чөйрөсүнүн алкагынан чыгып, жалпы адамзаттык темаларды көтөрүп чыккан. Жазуучу өз чыгармачылыгында аркылуу көтөрүлгөн маселелер азыр дагы актуалдуулугун жогото элек.

Илимий макалада жазуучунун дүйнөлүк аренадагы адабий чөйрөгө тийгизген таасири талданат. Жазуучунун чыгармачылыгы дүйнөдөгү окурмандарга гана эмес, жазуучуларга да таасир тийгизип, адабий процесске олуттуу салым кошкон универсалдуу феномен катары бааланышы изилдөөнүн объектисин түзөт.

Түйүндүү сөздөр: *Чыңгыз Айтматов, жазуучу, чыгарма, дүйнөлүк таасир, чыгармачылык, образ.*

Аннотация.

Чыңгыза Айтматова творчество и обслуживания различных тематических бай. Наиболее заметным в идеологии Ч.Айтматова является его постоянное подчеркивание важности мира и толерантности в мировом контексте. Его работы призывают к миру, терпимости и справедливости, отражая гуманистические и универсальные ценности. Через своих персонажей он выходил за рамки своей среды обитания и поднимал общечеловеческие темы. Вопросы, поднятые писателем в его творчестве, не утратили актуальности и сейчас. В научной статье анализируется влияние писателя на литературную среду на мировой арене. Творчество писателя, который оказывает влияние не только на читателей, но и на писателей во всем мире и считается универсальным явлением, вносящим значительный вклад в литературный процесс, является объектом изучения.

Ключевые слова*: Чыңгыз Айтматов, писатель, произведение, мировое влияние, творчество, образ.*

Annotation.

The work of Chingiz Aitmatov is thematically rich and diverse. Most notable in Tsch.Aitmatov's ideology is his constant emphasis on the importance of peace and tolerance in a global context. His works call for peace, tolerance and justice, reflecting humanistic and universal values. Through his characters, he went beyond his environment and raised universal themes. The issues raised by the writer in his work have not lost their relevance even now. The scientific article analyzes the influence of the writer on the literary environment on the world stage. The work of a writer who influences not only readers, but also writers all over the world and is considered a universal phenomenon that makes a significant contribution to the literary process, is an object of study.

Keywords*: Chingiz Aitmatov's, creativity writer, world influence, creativity, image.*

Жазуучу публицистикалык очерк, адабий сын макала, эссе жанрынын чоң чебери катары да белгилүү. Ар кайсы жылдары жарык көргөн макалаларынын топтомдорунан түзүлгөн “Биз дүйнөнү жаңыртабыз, дүйнө бизди жаңыртат”, “Жер, суу менен авторлош” аттуу жыйнактары тематикасынын кызыктуулугу, көтөргөн маселерди ар тараптан терең ачып бере билүү чебердиги, көркөмдүгү менен окурмандарды өзүнө тартат. Ч.Айтматовдун чыгармачылыгы улуттук, дүйнөлүк адабият үчүн жана улуттук искусствонун башка түрлөрүнүн өнүгүүсүнө да өзүнүн зор таасирин тийгизди. Анын чыгармаларынын негизинде музыкада чакан обондуу ырдан тартып симфонияга чейин жазылды, көркөм сүрөт искусствосунда ондогон, жүздөгөн эмгектер жаралды, театралдык спектаклдер, кино-фильмдер коюлду [1, 255].

ЮНЕСКОнун маалыматы боюнча, Шекспир менен Толстойдон кийинки дүйнөлүк классик. Чыңгыз Айтматов чыгармалары эң көп тилдерге которулуп, китеп болуп чыккан. Айтматовдун китептери дүйнөнүн 176 тилине которулуп, 128 өлкөдө 100 миллиондон ашык нуска менен басылган. “Жамийла” повести немец тилинде 37 жолу кайра басылып чыккан. Чыгармачылыгы Орто Азия, Европа өлкөлөрүндө жана Кытай жазуучуларына таасири чоң болуп, таасирленип көркөм чыгарма жараткан жазуучулардын мууну жаралды.

Анын чыгармалары бир гана Кыргызстандын окурмандарын эле эмес, башка өлкөлөрдүн окурмандарын да тарбиялаган. Кытай жазуучуларына тийгизген таасири жөнүндө кытайлык кыргыз илимпозу Макелек Өмүрбай уулу “Жамийла” жалгыз эмес” (Чыңгыз Айтматовдун Кытай адабиятына таасири) аттуу макаласында жазуучунун Кытай окурмандары арасында терең жайылганын жазган: “Кытайда тунгуч которулган чыгармасы “Жамийла” болуп, 1958-жылы кытай тилине которулган. Ошондон баштап, мына ушул күнгө чейин, Ч.Айтматовдун чыгармалары бүт эле кытай тилине жана Кытайдагы аз сандуу улуттардан уйгур, казак, монгул, кыргыз тилдерине которулуп, удаа басмадан чыгып олтуруп, ушул бүгүнкү күндө, бардык чыгармалары кытай тилине жарык көргөн. Ал тургай, кытай тилинде бир чыгармасы бир нече жолу, бир гана басмадан эмес, бир гана котормосу эмес, бир канча адам которгон (котормо варианттары), окшобогон басмалардан, нускасы абдан көп тараган” [4, 5]. Кытай окурмандары тарабынан кыргыз окурмандары сыяктуу эле кабыл алынгандыгын таң калуу менен айткан. “Жамийла”, “Ак кеменин” сюжетин окумандар жакшы билишерин белгилөө менен Айтматовдун чыгармаларын адабиятчылардын, жазуучулардын кабылдоосу бөтөнчө, максаттуу болгонун жазган. Кытайда Айтматовдун чыгармаларын туурап көптөгөн жазуучулар чыгарма жаратышкан.

Жазуучулар өз кезегинде автордун чыгармачылыгына суктануусун жашырышкан эмес, өздөрүнүн чыгармачылыгында Айтматовдой көркөмдүүлүктү, идеялык өзгөчөлүктү чыгармаларында колдонууну көздөшкөн. Кытайдын алп жазуучуларынын катарына кирген Ваң Мың, ошондой эле Вин Яжүн, Жаң Чыңжы, Лу Яв, Гав Жанчүн, Жан Вий, Ян Шыянхуй, Чы Зыжыян жана башка жазуучулар өздөрүнүн чыгармаларында Ч.Айтматовдун чыгармаларын иликтөө менен, анын айрым повесть, романдарына таасирленип өздөрүнүн чыгармаларын жаратканын жазышкан. Атап айтканда, Кытайдын чоң жазуучусу, убагында Кытайдын маданият министри болгон Ваң Мың Ч.Айтматовдун чыгармачылыгына баа берген “Ал Айтматовдун чыгармаларынын Кытайдагы таасирин өтө төп баалаган жазуучу болуп, жаңы заман кытай адабиятына таасир эткен дүйнөлүк төрт жазуучу, Хеменгуей, Кахка, Маркес жана Айтматов экенин, кадыресе, ошолордун ичинен эң чоң таасир эткени Айтматов экенин өзгөчө белгилеген” [4, 5]. Ал Айтматовдун чыгармаларын окуу менен жазуучунун чыгармаларына таасирленип, “Жамийланы” туурап “Обончунун пири”, “Гүлсарат” повестин иликтеп, “Нур”, “Чаар түс” чыгармаларын жараткан, “Биринчи мугалимди” иликтеп ”Соңку тоо” аттуу чыгармасын жараткан. Чыгармасындагы каарман Ч.Айтматовдун “Ак кеме” китебин ынтызарлык менен окуган. Ал эми кытайлык жазуучулардын бири Вин Яжук Ч.Айтматовдун “Кылым карытар бир күн” романына таасирлип, “Кашатсыз деңиз” романын, “Ак кемеге таасирленип, “Бөксө тоодогу жомоктор” аттуу чыгармасын жараткан. Кытай окурмандарына “советтик жазуучу” кыргыздын катардагы каармандары аркылуу жөнөкөй тиричилик аркылуу адамзаттык маселерди көтөрө билгени менен да таң калтырган.

Жогорудагы эмгектер аркылуу жазуучунун чыгырмалары таланттуу котормочулар аркылуу көп калктуу кытай окумандарына жетип, Ч.Айтматовго замандаш калемгерлердин жазуучунун чыгармачылыгына таазим кылып, ага таасирлене бир канча адабий чыгармаларын жаратканын окумуштуу Макелек Өмүрбай уулу өз эмгектеринде кеңири белгилеген.

Кытай адабиятына чоң таасир тийгизген чыгарма – “Ак кеме” повести. Андан кийин “Кылым карытар бир күндү”, “Жамийланы” дегеле бардык чыгармаларын айтса болот. Мисалы, уйгур адабиятында экология темасы, имиштерди, уламыштарды чыгармаларда колдонуу ыкмасы Айтматовдун таасири менен келген деп айтылган.

Жазуучу ааламдашуунун шартын өзү жаратып кеткен. Анын кыргызды дүйнөгө таанытканын кыргыз жазуучусу «кыргыз» этнонимин дүйнө жүзүнө жайылтканы менен гана

түшүнсөк жеңил ой болуп калаары анык. Айтматов чыгармаларындагы кыргыз турмушу: кыргыздын каза болгон адамды узатуу салты; той берүү салты; көк бөрү тартуу сыяктуу салттары; кыргыздын жашоо мүнөзүн дүйнөгө өз чыгармалары менен жайылтты. Экинчиси, Айтматовдун чыгармаларындагы адамгерчилик, адам болуу көз караштары дүйнөдөгү жалпы окурмандарга жагып, көп тилге которулду. Мурда биз «Ч. Айтматовдун чыгармалары жүздөн ашуун тилге которулду» деген ой менен гана сыймыктанып жүрсөк, эми ошол которулган тилдердин адабиятына кандай таасир көрсөттү деген ойду изилдеп, жазуучу тууралуу бир топ илимий иштер жаралды. Ушул күндө Айтматов таануу боюнча кытайда 430 макала, жазуучуга арналган бир нече китеп жарыяланган. Айтматов кытайды тамырлаганы кадыресе көрүнүш болду.

Европа өлкөлөрүнүн окурмандарына Ч.Айтматов француз тилине которулган “Жамийла” повести аркылуу 1959-жылы биринчи таанылды. Повестти француз тилине которгон Луи Арагон өзүнүн кириш сөзүндө “Дүйнөдөгү махабат тууралуу эң сонун баян” деп жазганы белгилүү. Мында Арагон “Жамийланы” Шекспирдин “Ромео менен Джульеттасына” салыштырат.

Л.Строилов “Ч.Айтматовдун чыгармачылыгы Белгия адабий сынында” аттуу макаласында Ч.Айтматов 1959-жылы француз тилине которулган “Жамийла” аркылуу белгилүү болгонун жазат. Ал эми Бельгия адабий сынында 1970-жылдардан башталып, Бенилюкс өлкөлөрүнө Ч.Айтматовдун чыгармачылыгы Люксембург адабиятчысы жана жазуучусу Розмоули Киффер аркылуу таанылa баштаганын айтат. Розмоули Киффер атактуу жазуучунун чыгармалары жөнүндө Бельгия менен Люксембургдун “Нувель эроп” жана “Дриады” журналдарына бир нече макала жарыялаган. 1972-жылы Боннодо (ФРГ) жана Бренде (Швейцария) лекцияларды окуган жана Люксембург радиосунда сүйлөгөн. Жазуучунун чыгармачылы жөнүндө айтуу менен бирге “Жамийла”, “Саманчынын жолу”, “Гүлсарат”, ”Ак кеме” повесттеринен үзүндүлөрдү да окуган [6, 335]. Таланттуу жазуучу зор талантынын негизинде көркөм философиясы жана активдүү гуманизми аркылуу адам баласындагы баалуу, жаркын нерселерди жар салышы аркылуу чет өлкөлүк адабиятчыны чыгармачылыгына кайра-кайра кайрылуусуна себеп болгондугун Л.Строилов жазган.

1971-жылы француз тилинде басылып чыккан “Ак кеме” повестинин шедевр экенин, нускалуу акылмандыгы жагынан классикалык трагедияга жакын турары жана поэзияга жаркыраган бул чыгарма чоң кишилердин турмушундагы туура эмес жактарын чеберчилик менен күчтүү ашкереле алгандыгы жөнүндө жазган Люксембург адабиятчысы Розмоули Киффер. Ал Айтматовдун бул чыгармасынын мөлтүр, тунук поэзия нурланып турарын айтып, адамдарды сүйө билүүгө, дүйнөнүн тирүүлүгүн, сулуулугун баалай билүүгө, кай заман болбосун кыял-тилек адамдардын жан азыгы экенин эскертин тургансыйт деп бергилеген. Чыгарманын каармандары адатта бактылуу жана бакубат жашоого умтулган жан дүйнөсү бай карапайым адамдар болгонун жазган.

Кыргызстандык жазуучунун чыгармаларын чын ниетинен изилдеген Р. Киффер Американын “Букс эброт” журналына “Ч.Айтматов – советтик Кыргызстандын абалкы салттуу жана азыркы жаңыча жашоо турмушунун жарчы-санжырачысы” аттуу макаласын жарыялаган. Анда “чыгармаларында эпикалуулук башынан өткөн турмуштук окуялар менен эриш-аркак чырмалышып турары, улуттук кайталангыс элементтерге толгон орошон касиет, зор идеялык–эстетикалык чыңалуу бар” деген ойду айткан. Ушул эле макалада ал: “Анан ар бир чыгармасынан айныбай учуроочу нерселер – өткөн мезгил менен азыркы учур, адам менен табият, кайгы менен сүйүнүч, согуш жана зулумдук сыяктуу гуманисттик идеяларга сыйбаган жексур көрүнүштөрдү аёсуз айыптоо, адамзат аздектеген асыл идеялардын өлбөстүгүнө, аларды акыры жүрүп иш жүзүнө ашаарына илгери үмүт артуу”, - деген [6, 350-351]. Бельгия менен Белилюкс өлкөлөрүнө таралышына Ч.Айтматовдун чыгармачылыгынын таралышына салым кошкон авторлордун бири Джорж Буйон болгон. Ал “Эрте келген турналар”, “Деңиз бойлой жорткон ала дөбөт” повесттерин адамдын каармандардын эрдиги кур бекер эмес, башкалардын бак-таалайы, адамзаттын өлбөстүгү үчүн курмандыкка барышы ажал менен бетме-бет кармашканы жер үстүндөгү адамзаттын жашоонун уланып келе жатканындагы эң

маанилүү салымы катары баалаган. Чыгармалардыга гуманисттик идеялардын тереңдиги жөнүндө Гольди Бланкоф-Скар да өз макаласында белгилеп өткөн. Ал жазуучунун “Кылым карытар бир күн” романындагы каармандардан башка өлкөлөрдөгү окурмандар да, катардагы эле карапайым каармандардын ар биринен жакшы санаалаш жакын досун жана короолош коңшу-колоңун жана таанышын көрө аларын жазат. Бул гана эмес жазуучунун адамдан ички өзөгүн көрө билген өткүр изилдөөчү катары баалап, адамдын арманын, кыялын, санаа-сезимдерин туйган таланттуу жазуучу катары суктанарын жашырбайт. “Кыргызстандан чыккан советтик жазуучу тарабынан тастыкталып жаткан асыл дөөлөттөр – бул терең гуманизмге сугарылган чыныгы идеалдар. Өз улуттук маданиятынын байлыгын өзгөлөр менен бөлүшүү жана аны жалпы адамзаттык дөөлөттөргө байланыштыруу аркылуу ал адамзат маданиятынын орток казынасына ойдогудай салым кошууда” [6, 354-355].

Чет өлкөлүк жазучулар, илимпоздор жана сынчылардын жазган макалаларынан, илимий эмгектеринен Ч.Айтматовдун чыгармачылыгына идеялык-тематикалык, эстетикалык өзгөчөлүктөрүнө токтолгон изилдөөлөрүнөн төмөндөгүдөй жалпылыктар байкалат:

- *автордун чыгармаларындагы терең гуманисттик идеялардын дүйнөлүк масштабдагы актуалдуулугун белгилөө;*
- *каармандардын индивидуалдуу жашоо шарттары аркылуу жалпы адамзатка тиешелүү актуалдуу проблемаларды чыгармаларында көтөрө алгандыгын талдоо;*
- *дүйнөдөгү көптөгөн тилдерге которулуу менен окурмандардын адабий, илимий коомчулуктун Айтматовдун чыгармачылыгын жылуу кабылдоосу; Советтик системадан башат алып чыгып, зор таланты аркылуу дүйнөлүк жазуучулардын алдыңкыларына сабын толуктаганын моюндоо;*
- *улуттук, советтик, дүйнөлүк адабияттын өнүгүсүүнө салым кошкон Ч.Айтматовго таасирленүү, ал жараткан чыгармаларга ар тараптан терең анализ жасоо;*
- *жазуучунун чыныгы карапайым адамдардын тагдырын сүрөттөө менен алардын турмуштук кырдаалдар аркылуу кулк-мүнөзүн ачып берүүдөгү чебер сүрөткерлигине баа берүү;*
- *чыгармалары аркылуу улуттук, континеттик, мезгилдик алкактан чыгып, жалпы адамзаттык асыл баалуулуктарды даңазалап, адамзат маданиятына салым кошуп келе жаткандыгын жарыялоо мүнөздүү.*

“Ааламдашуу жана Айтматов” темасы адабият тармагында чоң изилдөөнү талап кылган маселелерден. Тагыраак айтканда, жазуучу эки кылымды башынан өткөргөн уникалдуу инсан катары өзүнүн чыгармаларында ошол мезгилдеги кат-сабаты төмөн, маданияты жетишээрлик деңгээлде жогору эмес, менталитети батыш элинен бир топ айырмачылыкка ээ кыргыз элинин XX кылымдагы жашоо образын чыгармаларында бүгүнкү ааламдашуу мезгилиндеги адамдардын жашоо образындай сүрөттөп, каармандары жана жаңыча сюжеттери аркылуу ошол мезгилдеги эч кимдин оюна келбеген ааламдашуу маселелесин чагылдырган [2, 201-бет]. Ч.Айтматовдун чыгармачылыгынын эң негизги өзгөчөлүгү – али коомдо пайда боло элек космостук түшүнүктөрдү чыгармаларына киргизип, алардын адамдар тарабынан колдонулушу, же болбосо жазуучу жашаган доордогу жашоонун мыйзамдарына, эрежелерине дал келбеген көрүнүштөрдү чыгармаларында сүрөттөө менен, бүгүнкү күндө болуп жаткан окуяларды бир топ жыл мурун сезе билип, заманбап жашоодогу реалдуулуу көрүнүштөрдү чыгармаларында чагылдырганы.

Жазуучунун эстетикалык кругозорунун кеңдиги, профессионалдык сабаттуулугу, турмуштун философиялык маңызын терең кабылдоосу жана аны заманынын бийиктигинен баалай билиши аң-сезиминде синтетикалык ойлоонун өзгөчө манерасын, принцибин жаратты. Ал принцип автордун эпикалык жана драмалык көркөм каражаттарынын, формаларынын ажырагыс синтези аркылуу образдуу көркөм ойлоо өзгөчөлүгүнө тыгыз байланышат.

Чынгыз Айтматов “Качан сен китепти ачканыңда, сенин жан дүйнөң китеп менен кошо ачылат” деген. Китеп окубаган жаштардан мээримдүүлүк, кайрымдуулук сапаттары алыстагандан алыстап баратат. Адам баласынын мындай өзгөрүлүшү өзүн да, өлкөсүнө да да зыян алып келет. Ал эми Ч.Айтматов адам баласына жакындаган алааматтан адамзат алдын-

ала сактануулары керек экендигин айтып, добулбасын кагып келген. Анын чыгармалары кайталангыс образдары аркылуу окурмандын дүйнөгө болгон көз карашына зор таасирин тийгизип, ар убакта кеңешчиси болуп келет.

Ч.Т.Айматовдун айткан накыл “эстүү” сөздөрү менен бөлүшүп, анын тийгизген таасири тууралуу да жаза кетсек болот. Мисалы, “Иштеп бүтпөй жатып болочок чыгарма тууралуу жар салганды башынан жактырбайм. Кызганчактык эмес. Бешиктеги баланын бек болоорун ким билет”, - деп залкар жазуучубуз өзүнүн “Биринчи мугалим” деген чыгармасында жаза кеткен. Бул “эстүү сөз” ар кандай ишти баштаардан мурун анын оң терс жактарын таразалап алууга жардамын берип, боло элек нерсени болду деп айтып, уят болуудан сактап келет.

Ч.Т.Айтматовдун жанында бир топ жылдар чогуу жүрүп, адабий чыгармачылык жана турмуштук жактан сабак алган шакирти катары фил.ил.д., профессор А.А.Акматалиев устатына карата жазган “Айтматов барда аалам толук көрүнчү” аттуу ырында минтип айтат:

“Айтматов бар, Аалам толук көрүнчү,
Ар аткан таң кубаныч деп сөгүлчү.
Айкөлдүгү Манас баба өңдөнүп,-
Мээрими да Күн нурундай төгүлчү!” [3, 61-бет]. Бул саптарда жазуучуну идеалдаштырып жазышы – кыргыз поэзиясында салтка айланган ыкмалардын бири катары бааласак болот. Окумуштуунун поэма сыяктуу жазылган ырынын мазмунунда Айтматовдун ааламы, адамдык улуу сапаттары, чыгармаларындагы каармандардын портрети тууралуу философиялык ойлор окурманды ойго салат. Анткени, дүйнөлүк деңгээлге жеткен көркөм сөз чеберинин басып өткөн жолу билген адамга чоң сабак, тажрыйба.

Учурда мамлекеттик тилди окутууда жазуучунун чыгармачылыгы көркөм стилдеги тексттердин негизги каражаты колдонулуп келет. Бул жаштарды тарбиялоодо ишинде жазуучунун эмгектерине кайрылуу улунтылууда деген жыйынтык.

Адабияттар:

1. *Кожобекова Г.С. Ч.Айтматовдун актуалдуу чыгармаларынын кыргыз адабиятындагы орду / Г.С. Кожобекова // Казахстан Республикасынын көз карандысыздыгынын 30 жылдыгына арналган эл аралык илимий-практикалык конференциянын материалдары - 2021, https://zqai.kz/sites/default/files/oblozhka_konf_26_11, 253-256-беттер.*
2. *Кожобекова Г.С. Аламдашуу жана Чыңгыз Айтматовдун чыгармачылыгы/ Г.С. Кожобекова // ” КЭАУнун ОИӨКнын Жарчысы, – Бишкек. 2022.- №3 (47). – 200-204-беттер.*
3. *Кыргыз адабиятынын антологиясы. 8-том. Поэмалар, ырлар. Түз.: Мусаева, Т.Асанакунов. -Б., “Кыргыз энциклопедиясы” башкы редакциясы. 2012. – 624 б.*
4. *Макелек Өмүрбай уулу. Ч.Айтматовдун чыгармачылыгы боюнча изилдөөлөр. / Макелек Өмүрбай уулу //: 3-том. Түз. Ыйсаева Н., Арипов С., Эшматов Р. – Бишкек, 2018. – 560 бет.*
5. *Мырзанаева М.К. ЖОЖдордо көркөм стилдеги тексттердин негизинде мамлекеттик тилди окутуунун өзгөчүлүктөрү / М.К. Мырзанаева // Жусуп Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин Жарчысы. – Бишкек, 2017. – №4.*
6. *Строилов Л. Ч. Айтматовдун чыгармачылыгы боюнча изилдөөлөр. / Строилов Л. // 3-том . Түз. Ыйсаева Н., Арипов С., Эшматов Р. – Бишкек, 2018. – 560 бет.*